# Депозиттер

*(2017-жылдын биринчи жарым жылдыгы)*

2017-жылдын январь-июнь айларында ички рынокто иш жигердүүлүгүнүн салыштырмалуу туруктуу өсүшүнүн сакталышы менен шартталган, банктык депозиттер рыногунда коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу өсүш динамикасынын жогорулашы байкалган (+12,5 пайыз). Отчеттук мезгилге карата улуттук жана чет өлкө валюталарында кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес.

Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өзгөрүү жагында жогорулоо тенденциясы негизинен, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин көбөйүшүнөн (+20,9 пайыз) жана ишканалардын эсептешүү эсептеринде акча каражаттардын калдыктарынын өсүшүнөн (+19,4 пайыз) улам келип чыккан.

Ошентип, кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан тарта 5,8 пайызга жогорулоо менен 113,3 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. Мындай көбөйүү калайык калктын улуттук валютадагы аманаттарынын 12,2 пайызга, 58,8 млрд сомго чейин өсүшүнө байланыштуу болгон. Депозиттик базанын валюталык түзүүчүсү тескерисинче 0,4 пайызга, 54,5 млрд сомго чейин төмөндөгөн.

Депозиттик база курстун өзгөрүүсүн эске албаганда, жыл башынан тартып 5,9 пайызга көбөйгөн. Долларлашуу деңгээли отчеттук мезгилдин акырына карата 48,1 пайызды (-3,0 п.п.) түзгөн.

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




**3-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин динамикасы**



Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде депозиттик базанын түзүмүндө мөөнөттүүлүгү категориялары боюнча бир аз өзгөрүүлөр байкалган: банктардын кардарларынын мөөнөттүү депозиттеринде каражаттардын үлүшү 37,7 пайызга чейин (+0,3 п.п.) жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттер үлүшү 27,8 пайызга чейин (+0,8 п.п.) көбөйгөн. Коммерциялык банктардын эсептешүү эсептеринде депозиттер үлүшү тескерисинче 34,5 пайызга чейин (-1,2 п.п.) төмөндөгөн.

Мөөнөттүү аманаттар түзүмүндө жыл башынан тарта тартылган узак мөөнөттүү ресурстардын үлүшүнүн 29,4 пайызга чейин пропорционалдуу көбөйүшү менен кыска мөөнөттүү (1 жылга чейинки) депозиттер үлүшүнүн 70,6 пайызга чейин (-3,8 п.п.) төмөндөшү катталган.

**4-график. Улуттук валютасында алынган депозиттердин түзүмү**




**5-график. Четөлкө валютасында алынган депозиттердин түзүмү**




2017-жылдын 1-жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча рыноктун концентрацияланную индекси 0,09 деңгээлинде калыптанган, бул концентрацияланунун төмөн деңгээлине дал келет да рынокто бирдей үлүшкө ээ он бир катышуучу катышкандыгына туура келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүү көлөмүнүн көбөйүшү катталган. Алсак, жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2016-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 19,4

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсеби эске алынбайт.

пайызга көбөйүү менен  отчеттук мезгил үчүн 243,6 млрд сомду түзгөн. Буга улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттар көлөмүнүн 21,4 пайызга көбөйүшү сыяктуу эле, сом эквивалентинде 137,9 млрд чейин өсүшү себеп болгон, чет өлкө валютасындагы – 16,9 пайызга, сом эквивалентинде 105,7 млрд чейин өсүшү себеп болгон.

Түзүм боюнча жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү негизинен мөөнөттүү депозиттердин өсүшү менен камсыз болгон, алардын көлөмү мезгил ичинде 25,8 пайызга, 26,9 млрд сомго чейин көбөйгөн. Мында алардын үлүшү талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын үлүшүнүн (89,5 пайыздан 89,0 пайызга чейин) пропорционалдуу кыскарышы менен 10,5 пайыздан 11,0 пайызга өскөн. Мында, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин көлөмү (18,7 пайызга) 216,7 млрд сомго чейин көбөйгөн.

Ошентип, отчеттук мезгилде коммерциялык банктардын депозиттер көлөмүнүн өсүшү алкагында алар боюнча пайыздык чендер өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Алсак, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2016-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2,9 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютада мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 10,9 пайызды (-2,2 п.п.), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча – 1,8 пайызды (+0,3 п.п.) түзгөн.

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




**7-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**



Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,7 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 4,4 пайызга чейин (-0,1 п.п.) төмөндөгөн, ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча – 0,4 пайызды түзүү менен 0,2 п.п. жогорулаган.